**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**

**ЫСЫК-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА ИССЫК-КУЛЬ**

# ЫСЫК-КӨЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН III СЕССИЯСЫ

## Т О К Т О МУ №14

03.07.2023-ж Михайловка а.

**Жайыт жерлерди пайдаланууга макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Көл айыл аймагынын жергиликтүү бюджетин жогорулатуу, жайыт ресурстарын үзгүлтүксүз, сарамжалдуу, туруктуу пайдалануу жана ошондой эле кышкы туризм тармагын өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген “Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө” типтүү жобосун негиздеп, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесин жетекчиликке алып, “эко-город Каркыра” ишканасынын кайрылуусун карап чыгып Ысык-Көл айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ысык-Көл айыл аймагынын “Чымынды-Сай” жайыт участогунун №2,4,9,5,6,8,11,12,10,13,14,15,16,25,23,22,20,19,18,21-контурларынан жалпы 229 га. жайыт ресурстары кышкы эс алуу тоолыжа базасын уюштурууга “Эко-город Каркыра” жоопкерчилиги чектелген коомуна пайдаланууга берилсин.
2. Токтомдун биринчи пунктундагы жайыт жерлерде жайкы (жайлоо) мезгилинде мал жаюу мүмкүнчүлүгү каралсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Көл айыл аймагынын айыл окмөт башчысы У.Бозгуновго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Акунов**